УДК: 93/99 (575.2)

Жангазиев М.М.

К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети

# АЛГАЧКЫ АЛАМАН УРУШ БОЛГОН ЖЕР

*Улуу манасчы Сагынбай Орозбаковдун “Манас” улуу эпосунун вариантында Жыргалаң аймагындагы болгон окуя, бабабыз Айкөл Манастын Кыргызстандын территориясын бошотуудагы алгачкы аламан урушуусу жана бошотулган жерлердеги Түргөн, Жергез сууларынын, Каманды-Көл мазарынын, Тескей Ала-Тоонун тармактары болгон Бууракан, Кууган (Түндүк Теңир-Тоо) тоолорунун, Каракол, Түп, Жыргалаң топонимдеринин келип чыгышы, Сары кыяр, Лайламүлүк, Көйүш, Бөгүш сыйкырчы аярлардын аламан урушта көрсөткөн өнөрлөрү, бабалардын жерин бошотууда Бакай, Кыргылчал, эр Көкчө, Мунаркан, Кайыпкан, Калдарбектердин эрдиктери, Ырчы уулдун кошулушу баяндала*т.

**Жыргалаң аймагы –** Ысык-Көл дубанынын төрүндө жайгашкан, бабабыз Айкөл Манастын заманынан Совет өлкөсү түзүлгөнчө Жыргалаң делип аталып, азыркы учурда Ак-Суу аталып жүргөн аймак (район).

Бабабыз Айкөл Манас Текесканды өлтүрүп, Жыргалаң аймагына чектеш Каркыра өрөөнүнүн Кара-Суусунда жети жүз миң (700 миң) колу менен өргүп жатканында, Текестеги согуштан качып келген Култаң аяр Кер-Көлдөгү (Ысык-Көлдөгү) Орго канга Манас аскери менен Каркырада экенин айтып кабар берген. Орго кан болсо, Кулутка, Кубан, Соорун, Кулус ж.б. дорго, калдай, доотайларын шашылыш чогултуп жер-жерлерге кабар бергенинде “*Кызыл-Белден ашыңар, Кыйыныраак шашыңар. Чарынга жолун салыңар, Чапчаңыраак барыңар*”, - деп Алма-Коюрду жердеген Илебин канына кабар бергендиги айтылат.

Айкөл Манас колдон эки жүз киши тандап “*Кызыл-Кыя бели бар, Кыжылдаган каапырдын. Кайнап жаткан эли бар. Кабар тийет кокустан*”, - деп Илебин канга доо доолай барган Текестен келген эл сындуу болуп Кызыл-Кыядан өтүп ар кайсы жолдорго буктурма койгонго колдон эки жүз (200) киши чогултканда, Тейиш кан “*эки жүз кишинин колунан эмне келмек эле*” деп, казак менен калмактан төрт миң (4000) аскер, ал эми кыргыз менен сарттан сегиз миң (8 миң) аскер алдырып Илебин кандын колун тосуу үчүн Каркырадагы Челек, Чаптар, Чары деген жерлерге буктурма катары тостурган, сегиз миң кол болсо Кегенди көздөй жөнөгөн. “*Кызыл-Кыя, Тологой, Кыркасы менен алыптыр, Кыргыздын кылым аскери, Башы Кайнар, Жылуу-Суу, Басып алган жери бу*” -деп айтылып, Кабылан Манас баатыр аскерлери менен Кызыл-Кыядан өтүп, Жыргалаң аймагына түшүп Орго Кандын колун чапканда бош калган тогуз жүз миң (900 миң) жылкыны, Карымбайдай бай болушуп “*Кош башына бир семиз*” коштоп келип союшуп Жыргалаңдын башында өргүшкөн. *Эпостогу окуя Орго кан Алма-Коюрдагы Илебин канга кабар бергенинде жана Айкөл Манас колу менен Кыргызстанды бошотууда Жыргалаң аймагынын башындагы* ***Кызыл-Кыя бели*** *аркылуу өтүшкөнүн, ошол белден башталгандыгы айтылат.*

Орго кан тегерегиндеги калдай, доотайларын чогултканда “*Үч-Суудан аскер алыптыр, Он алты миң кол менен, Буракан каны барыптыр*”- деп тарых барактарында айтылып келе жаткан Үч-Суу (Үч-Ак-Суу) аймагынан (Түргөн-Ак-Суу, Жергез-Ак-Суу, Арашан-Ак-Суу (Түргөн, Жергез, Арашан суулары)) Буракан он алты миң (16 миң) кол менен келип кошулганы айтылганына караганда Тескей Ала-Тоонун түндүк тармагындагы, Жергез менен Арашан сууларынын аралыгында 23-25 км. доого сымал созулган тоонун аты бекеринен Буракан деп аталбаса керек.

Ал эми Орго кандын үч жүз миң (300 000) чогулган аскери аз болуп “*Кызыл-Кыя, Тологой, Кыркасы менен алыптыр, Кыргыз, Казак биригип, Кылымга сыйбай калыптыр. Каркырада калкымдан, Кабар чыкпай калыптыр*” - деп Орго кан Күрмөнтү аркылуу Култаңды Акунбешимге кат берип жөнөткөнүндө да Айкөл Манастын колу Тасма тоосунун баштарындагы Жыргалаң аймагына кирчү Кызыл-Кыянын белин жана Түптүн башы Тологойду алганын кабарлайт.

Көйүш аярдан Атан дөө өлгөндө, Орго кан үч жүз миң (300 миң) колуна буйрук берип, Айкөл Манастын төрт жүз миң (400 миң) колу "*Урушкан жери ушу элдин, Эки суунун арасы, Тасманын сары талаасы*" - деп бардыгы болуп жети жүз миң (700 миң) кол кайра тартып бөлүнбөй **Түп менен Жыргалаң сууларынын** аралыгында жана **Тасма тоосунун башында** катуу салгылашып, Орго кандын колу артты көздөй сүрүлөрдө Чүйдөн Ысык-Көлдүн күңгөйү менен жетимиш миң (70 миң) колу менен Кеймен шаа келип Манастын колун Сары-Тологой тарапка кайра сүргөн. Кегендеги Илебин кандын колун күтүп жаткан Айдаркан, Тейишкандар кыргынды көрүп калышып сексен миң (80 миң) кол менен Кызыл-Кыя белинен кайра сүрүп, Жыргалаңдын боюна чатыр тигишип өргүшкөн жана эки тараптын колу экиге бөлүнгөнү баяндалат. Бул урушта Оргонун үч жүз миң (300 миң) колунан жүз отуз миң (139 миң) колу калып, ал эми Кеймен шаанын жетимиш миң (70 миң) колунан он беш миңи (15 миң) өлгөн. Эки жүз миң (200 миң) аскерге жетпеген кол Орго канга барганда Кер-Көлдөн (Ысык-Көлдөн) ажырап калаарын ойлоп Буртак, Култка, Колпоң, Арсы ж.б. жан-жун, доотай, калдайларын чогултуп кеңеш куруп, Чуудагы (Чүйдөгү) Акунбешим паашадан кол келгенче "*аз күн мөөнөт сурайлы, кол келсе көрөрбүз, жардам келбесе корксок качалы. Коркпосок кайра кол жыйнап бурут менен кармашалы*", - деп Бодоң деген аярын Манаска жиберет. Манжыбек Бодоңду жүгүндүрбөй Манаска Оргонун катын берип, Ошпур окуганда, Эр Бакай, Көкбөрү баш болгондор кеңешинде Кыргылчал: " *аз мөөнөттү жөн бербей сууга тартыш болбой, суулуу жерин алалы*", - дегенде Манас колдоп, Бодоңду кайра Оргого жообун берсин деп жолго салат. Орго кан отуз (30) доргосу менен ойдо жаткан элди, ортокко сүрүп "*Жер кесип бери, буруттан, Жети күн сурап алдым, Жогоркусу жогору, төмөнкүсү төмөнгө, Түрүп айдап салыптыр*"- деп Моюлдунун аккан туура суусу ошол күндөн **<u>Түргөн</u>** аталып, ал эми "*Жети күн уруш салбаска, Жер кесип берип салыптыр, Жетилер канатым Көңүлүңө алыптыр. Ошо күндөн ушу күн Кесип берген бир суусу, Жеркес атка калыптыр*", - деп баяндалгандай жети күндү сурап алган үчүн Түргөндөн кийинки суу **<u>Жергес</u>** аталып калгандыгы баяндалса, ал эми "*Табылгы бою Тасмадан, Талаада жаткан канча жан, Оттун баарын өчүрүп, Отоонун баарын көчүрүп*" - делип Айкөл Манастын колу "*Улуу тоонун оюна, Улуу суунун боюна, Жыш ургандай барып, Шыкала конуп алыптыр, Жыргап жатып калыптыр, А жердин атын алар, Жыргалаң коюп салыптыр*" - деп айтылгандай Айкөл Манастын колу Жергеске чейин жерди алгандан кийин Тасма тоосунун оюна, азыркы Жыргалаң суусунун боюна чатырларын тигип, аскери конуп, жети күн "Жыргап жатып" калышкандан кийин ал суу **<u>Жыргалаң</u>** аталганы баяндалат.

Арадан алты күн өтүп алтынчы күнү кечинде, бирде көл, бирде тоо көчүп бараткансып, Ысык-Көлдүн күңгөй боюн күңгүрөтүп, күн батыш жагын дүңгүрөтүп, алты жүз миң колду башкарып Кордой, Чулу зор Илебин, Кашкел калдайлары менен, анын ичинде Сары кыяр аяр Каткал калдай суң кытайы менен Акунбешим пашаадан Аралды (Сухой Хребет) кечип келгенде, Орго кан сүйүнгөнүнөн кырк жың алтынды келген аскерге чачкан. Чулу амбалга Ысык-Көлгө (Кер-Көлгө) калмактын келгенине эки жүз элүү (250) жыл болгонун, Манастын колу менен кармашып аламан урушта төрт жүз миң (400 миң) колунан эки жүз миңи (200 миң) калганын, жети күн сурап жан соога сураганын, жети күн бербесе, үркүп үстүнө барарын даттанып, бурут деген, Манас деген ким экенин айтып, Кыяс, Текестин, Атан балбандын, Соорун калдайынын өлүмүн бутуна чөгөлөп көзүнүн жашын тыйбай айтып берет. Чулунун колун Кара-Талдын оюна, Кашка-Суунун боюна жайгаштырып, үч миң беш жүз (3500) уй менен жүз миң (100 миң) койду союп коноктогондо: "*Аскер түштү кумдан мол, Андан мурун Кара-Тал, Акыры кыргыз алган соң, Акыр заман журтуна, Атагы калды Кара-Кол*" -делип азыркы Каракол шаарынын тарыхы Улуу Манас эпосунда Чулу балбандын алты жүз колу, Орго кандын эки жүз колу болуп жайнаган көп кол, Кара-Талда жайгашкандыктан **<u>Каракол</u>** деп аталып калгандыгы баяндалат. Жалпы сегиз жүз миң колду көрүп кубанган Орго кан шайтанга азгырылып, оюу бузулуп алтындан жалатылган бурканына сыйынып, согушка камданган. Ал эми Жыргаланда жаткан Манас баш болгон, Үрбү, Жамгырчы, Акбалта, эр Көкчө, Бакайлар бөлөк жактан кол келдиби деп сезгенишип, Агыдай далычыга далыны тартырганда Амбал Чулу менен кошо Илебин, Кашкелдин, Акунбешим жиберген кол келгенин айтса, Бакай

ишенбей төлгөчүсүнө төлгө тарттырган. Агыдай далычыныкы туура деп, Агыдайдын сөзүн бышыктаган. **Жыргаланңдагы аламан урушта** Алаш менен Түрктүн отуз миңинен (30 миң) эки миң төрт жүз (2400) киши өлгөнүн, жыйырма алты миң алты жүз (26600) киши калган. Кош башына бирден кой союшуп "*Арал, Тасма талаасы, Аягы Кулус калаасы, Аскер менен жык толуп, Түп, Жыргалаң арасы*" - делип, Тасма тоосунун эки капталында **Түп, Жыргалаң сууларынын** арасында эртеңки согушка даярданышып намазга жыгылышат. Эртеси "*Убадам жети күн эле*" деп, Манас баштаган мусулман колу Жыргалаң аймагындагы Жергез суусунун жээгинде жык толуп урушту күтүп калышканда, Караколдогу Чулу балбандын колу дагы бир күн эс алалы деп Орго канга айтышып, Шөкөн менен Бодоңду Манаска жиберишип суранса, Манас бир күн үчүн аскерине союш сураган. Алты миң (6 миң) жылкыны Орго кан алты жүз (600) кишисине айдатып жиберген жана сегизинчи күнү эки тараптан тең жетиден туу көтөргөн кол бири-бири менен ызы-чууга түшүп беттешип калышкан. *Ушул жерден айта кетчү нерсе, Жергез суусунун боюнда Чоң-Жергез кыштагында (азыр ал жер айдоо аянты)* ***Каманды-Көл мазары*** *бар. Ошол мазардын атын манасчы Талантаалы Бакчиев "Каманды-Көл" эмес "Камынды-Көл" деп ырастайт. Анткени ошол мазардын жанында Манастын колу эртеңки күнкү (сегизинчи) урушка камынган жана аскерлери көлдөй көп болуп толкуп тургандыгында деген ой жоромолойт. Жылдан жыл өтүп жергиликтүү элдин тилинде* ***"Камынды-Көл" Каманды-Көл*** *деп айтылып калган.*

Маңгүлүк деген калмак менен кыргыздан Карабектин уулу Калдарбек жекеме-жеке сайышып, Калдарбек Маңгүлүктү ыргыта сайып өлтүрөрдө тобуна кире качып кутулган, Салагал аттуу калмагы сайышам деп чыгып, жаа-садагын алдырып ийип, тобуна качып барганда "*Өлбөй тирүү келгенче, адам болбой кал*" - деп Маңгүлүк жетип барган. Бул окуяны көрүп турган Кашкел Калдарбек менен жекеме-жеке чыгып экөө жарым күнчө салгылашканда эки тарап экөөнү бөлүп кеткен. Андан кийинки сайышта Айнагул (Кыргыл чал) Жөңгөр аттуу калмак менен беттешип өлтүргөндө, Сары кыяр калдайы чыккан. Бөйүш Айнагулга аяр экен барба десе болбой, жекеме-жеке чыгат. Айнагулдун найзасы Сары кыяр аярга жетип саярда, ал сыйкырлап майдан талаасынан жоготуп жиберет. Манас "*Кыргылчал кайда кетти*" - деп катуу сүйлөгөндө Бөгүш аяр узундугу беш карыш болгон түтүктү үйлөсө, ал түтүктөн чыккан түтүн түрмөгү менен барып, Сары кыяр аярды аттан далдайтып жыккандан кийин өзүнүн апсунун окуганда жоголуп кеткен Кыргылчал пайда болгон. Жыгылган Сары кыяр калдай "*Лайламүлүк неттиң? - кайсы жакка кеттиң, азыр мында келбесең, эми түпкө жеттиң*" - деп айгай салганда жоондугу жүз кулач болгон от күйүп келип, аламан койгон мусулмандын алдын өрттөп өлтүрүп, арттагыларын качырган. Көйүш апсунун окуганда асмандан жоондугу миң кулач болгон дайра төгүлүп, каапырдын колун бөлүп, алты жүзүн сууга чөктүрүп, агызып өлтүргөн. Сары кыяр аярдын оту суу болгондо, Көйүш аяр менен эр Бакай жетип барып Сары кыяр аяр менен Лайламүлүк аярды кармап, тилдерин сүйлөтпөй байлап салышкан. Лайламүлүк аяр ошондо адам, жылан, жолборс, каман, куш, бөрү болгон алты баштуу ажыдаарга айланып жанына киши жолоттурбай кырып киргенде, Көйүш аяр сегиз кулач болгон темир кыпчыгычы менен арстан болгон башынан кармаганда, жанындагы Сары кыяр сары итке айланган. Ал экөөнү бир чуңкурга камап, эр Көкчөнүн тобундагы Калдаң аяр чуңкурдун үстүн туюктап жаап, ак тикенди күйгүзүп, түтүн менен ыштаган. Лайламүлүк аяры "*Сыртта учкан кушту аткын, анын ичиндеги кырк сайгакты өлтүрсөң анан мен өлөмүн*" - деп сырын айтат. Лайламүлүктүн сырын уккан эр Калдаң Абунасыр азизге айтып барса кажыр, жору, кузгун ж.б. куштарды үркүтүш үчүн жүз мылтыктан ок чыгарган, арт жагында чоңдугу жорудай болгон ала канат куш уча албай далбактап калганда, аны Табагыр мерген атып, Лайламүлүк менен Сары кыяр аярды өрттөгөн чуңкурга тыгышып өрттөшкөндө Лалаймүлүктүн жаны чыгып өлгөн, ал эми сары итке айланган Сары кыяр аяр болсо чокко түшкөндө эле, анын жаны чымчык экен, түтүн жыты жеткенде ит түспөлүн өрттөп, сымап болуп сызылып жерге кирип кеткен, кийин ал Акунбешимдин калаасынын (Чүйдүн башы, Боом капчыгайынын аягы) жанынан чыккан. Эки аярын чокко кошуп өрттөдүк деп мусулман тарап сүйүнүшүп турганда каапырлардан коңур атына минип Каткал калдай чыккан, "*Чак келбес өңгө адам*" - деп шейит кеткендерге куран окуп, Аккула атына минип Манас майданга аттанган. Каткал калдай жаа атканда Манастын калканына келип сайылып, Манас ал окту кайра өзүнө атканда

калканын жарып өтүп Каткалды жылдырбай кармап калган. Далдырап турган Каткалга Манас болсо найзасы менен сайып калган, Алтың деген суңдуңу качырып найза сайганда, найзасын кылычы менен кагып ийип жанынан өтүп бараткaнда шилиден башын кыя чапкан. Башы кыйылган Алтыңдын ат-тонун Кыргылчал барып алган. Муну көрүп турган Кубаң аттуу баатыры күүлөнүп келип Манасты күрсүсү менен баштан ары салган убакта калканы менен тосуп калып, жинденип Кубаңды жакасынан алып, күрсүсү менен кайра өзүн урганда Кубаң күл-күл болуп бычырап оо дүйнөгө кеткен. Кубаңдын өлгөнүн көргөн Орго кан, Чулу улугу баш болгон Култка, Буракан, Калбаң, Шибең, Арсы калдайлары эмне кыларын билишпей жекеме-жеке чыккандан коркушуп турганда Култаң үч жүз миң (300 000) аскерин коштоп Манаска чабуул койгон. Муну көргөн мусулман колу "*Жаа алдалап*" чабуулга өткөн. Ошол кырылышта "*Кытай, кыргыз - эки журт, Кырылышкан эл болду, Кызыл кан агып сел болду, Суу кошулуп суюлду, агып келип аягы, Кең дарыя Кер-Көлгө, Аскердин каны куюлду*", - деп сүрөттөлгөндөй, Жыргалаң аймагындагы **Жергез менен Арашан сууларынын** ортосундагы чоң согуш болуп адамдан аккан кан Жыргалаң суусуна кошулуп Ысык-Көлгө куюлган. Дагы ушул жерден айта кетчү нерсе Буракан тоосунун жанында 23-25 км созулган "Кууган" тоосу бар (Тескей Ала-Тоонун түнд. тармагы). Ошол тоо калмак-каапырларды ушул жерден кууганга байланыштуу **<u>Кууган Тоо</u>** деп аталып калган имиш. "*Бабамдан калган жерим*" - деп Манас уруш салганы, "*Майдан курган жер экен, Тасма жоон сары талаасы аяк жаагы Аралда, Жаң-жуң Кулус калаасы*" деп сүрөттөлгөндөй, майдан Тасманын этеги Жыргалаңдын боюнда болуп аягы Көкөкулусун (Сухой Хребет) аралына чейинки жерде болгонун дааналайт. "*Атышкан жери жапжакын, Ат чабымдай арасы. Талкаланды калаасы, Кыргын салып кыйраткан, Кыргыздын баатыр Манасы*" - делип айтылгандай Айкөл Манас баш болгон, Көкчө, Жамгырчылар Кулустун калаасын талкалаганда каапырлар Тескей тоо жакка Орго кандын калаасына кире качкандыгын "*Мурунку аты Кашка-Суу, Мындагы аты Кара-Кол*" - делип кумдан көп качкын Караколго кире качкан. Ал эми ошол урушта Орго кан Манаска жолугуп өлсө, Жамгырчыдан эр Кеймен өлгөн. Илебин болсо Көкчө менен беттешип алтымыш жара салганда Үйшөндөрдүн Үмөтү эки жүз миң (200 миң) кол менен уруштун үстүнөн чыккан жана кырк миң (40 миң) аскер менен эр Бакай барып Илебиндин колун талкалаган. Илебин, Кашкелдин колун бөлөк-бөлөк кылып бөлүшүп кырышканда, башкарган кандары жок болуп күн батаарда Караколго кире качышкан. Ал эми кеч киргенде колун топтошуп "*Эми эле таң атар*" -деп колду эртеңки согушка даярдашып, жарадарларын Оржемил, сынгандарына мумия берип дарылашкан болсо, өлгөндөрүн "*Өлгөндөрдү суңкуйтуп, Өзөн бойлой жер казып, Коюп жүргөн андан көп*" - дегендей Жыргалаңдын боюна көмгөндөрүн баяндалат. Ушул урушта мусулмандардан отуз миңи (30 миң) өлүп, токсон миң (90 миң) жарадар болуп, алты жүз миңи (600 миң) аман калган. Каапырлардан жети жүз миңден (700 миң) эки жүз миң (200 миң) гана колу аман калып калганы кырылган. Кырылгандан калганы Орго кандын калаасы Кашка-Сууга (Караколго) кире качкан. Оргонун катыны Санамкүл эки баласы менен кайык минип көл аркылуу качаарда "*Кара эместир, кандыр го, Мынча ааламды терметкен, Касиеттүү жандыр го*"-деп, "*Жыргалаңдын боюнда, Жылуу-Суунун оюнда, Жыргап жаткан Манаска*" - деп айтылгандай аламан уруштан кийин Жыргалаңдагы Жылуу-Сууда (<u>азыркы "Ак-Суу" курорту)</u> эс алып жатканда Санамкүл ордодогу он атты камдап, Кызыл-Суудагы насили казак акын чалыш Ырамандын уулу Каратайды алып Манастын алдына таң атканда эки арабага алтын, эки араба күмүш, андан башка кымкап, алтын баалуу буюмдарды алып барган. Каратай домбурасы менен ырдап, Манастын казаттарын мактап келип, Санамкүлдү өлтүрсө да эки баласын өлтүрбөсүн суранган. Бакай батыр "*акын экен бакыр*" - дегенде Манас Санамкүлдү балдары менен калаасына азаттык берет, бирок домбура менен ырдаган Каратайды эрмек болсун бизге деп алып калат жана <u>ал Каратай кийин Ырамандын Ырчы уулу деп кырк чоронун бири болот</u>. Санамкүл азаттык алгандан кийин аны эр Таңгылга нике кыйышкан. Манас Бакай баш болгон кандары менен аскерин Абунасыр азиздин алдына алып келип Орго кандын калаасына киргенге уруксат сурайт. <u>Мына ошондо Манас баатыр жыйырма жашта экен.</u> Абунасыр азиз Орго кандын каапырларын кырбасаң, азабы мусулман элине тиет, төртүнчү тукумдан кийин Тинмочор (Чынгызкан) чыгып баарын кырат, тием деген катынды келме келтирип алсын, *ислам динин бузбай абайласын, кырманын отко салбасын* - деп насаатын айтып, алаканын жайып Алаштын колуна бата берген. Каапыр да болсо эл деп " *Аягы менен аскердин,*

*Жыргалаң бою казылды*" - дегендей Айкожонун сөзү менен Жыргалаң суусунун боюна каапырлардын сөгүн көмүшкөн. Абунасыр айкожодон бата алгандан кийин эр Көкчөнүн колу Байсоорунга чейин көлдүн күңгөйүн басып алса, Манас колу менен Орго кандын калаасы болгон Талмак-Кырып шаарына барганда, бир жан калбай, үйүн, мал мүлкүн, оокаттарын таштап, балдарын, кемпир-чалдарын өлтүрүп, жандуулары балдарын ала качып, алтын-күмүш, зерлерин, баалуу буюмдарын "*Кеткен соң кыргыз аларбыз, Кененип ошондо каларбыз", "Кайткан соң келип аларбыз, Кайтып байып каларбыз*" - дешип тоонун арасындагы карагайлардын арасына бекитишип, көлдү көздөй качышкан. Талмак-Кырып шаарында Санамкүл Манасты тосуп алып, сары алтындан жасалган бутканасын талкалап, асыл буюмдарын Абунасырга назир кылып берген жана Оргон кандын казынасын ачтырып ак алтын, күмүштөрүн аскерлерине чачтырып, алты (6) күнү аттарын өргүтүп, өзүлөрүн эс алдыргандан кийин, тогуз жүз (900) очок ойдуруп, тогуз жүз (900) бээ сойдуруп, ат чабыш, кунан чабыш кылып чоң той өткөзгөн. Он беш күн Манас колу менен өргүгөн экен. Ошол он беш (15) күндүн ичинде ойду-тоодон, көлдүн жээгиндеги камыштын арасынан ж.б. кангыган калмактардын жүз отуз тогуз миң (139 миң) колго түшүп, анын жарымысынан көбү кыз, келиндер болгон "*Түрмөгүн түмөн кырба, Түп калган экен мында, Түгөлдөп эсеп алганы, Ошондон бери ошол жер, Түп атанып калганы*" - деп Түп жакта көп эл калгандыгына байланыштуу <u>**Түп**</u> аталып калгандыгы баяндалат. Аларды Абунасыр кожого алып келгенде мунардын башына чыгып, алтын тамгалуу куранды мойнуна илип азан айтып, ислам дини киргендерин өлтүртпөй, калганын кырып таштаткан. Ал эми калган калмактар "*Келме келип тилине......., ыйман кирди динине*" - дегендей мусулман болушуп, өзүлөрүнүн бутканаларын талкалашып, намаз окуганды үйрөнүшкөн. Айкөл Манас Айдаркан, Ошпур карысы менен Байжигит, Бакай баш болгон баатырларды алты жүз миң (600 миң) колду Аралга (азыркы Көкөкулусун (Михайловкадан Николаевкага чейин)) чогултуп, Чүйдөгү Акунбешимдин шаарларын, Баласагын, Кара-Төлөк калааларын талкалап, жерибизди бошотолу деп айтканда, Айдаркандын эр Көкчөсү макул болуп, Самаркан, Букарды кошо алалы деп колдойт. Анда эмесе колду үчкө (3) бөлөлү, Түркстанды бүтүндөй бошотолу деп макулдашып, Абунасыр кожо батасын берип жүз элүү миң (150 миң) кол менен кайра Кызыл-Кыя бели аркылуу Дуулат, Үйшүн урууларын баштап Каркыраны басып Чабдар, Чарын аркылуу Сары-Арканы Илебин кандан бошотуу үчүн Эр Көкчө жөнөсө, Суңшоо (Нарын) деген жердеги Кулутка, Буртак бектеринен бошотуу үчүн жүз элүү миң (150 миң) колу менен Кер-Көлдүн (Ысык-Көл) тескейи аркылуу Кайыпкан менен Мунаркан кеткен, ал эми Айкөл Манас үч жүз миң (300 миң) кол менен "*Кыраан Бакайга кол баштатып, Кыргылчалга жол баштатып*" Түп басып Кер-Көлдүн күңгөйү аркылуу басып өткөн жана Ала-Белден жүз элүү миң (150 миң) кол менен Үрбү бөлүнгөн.

<u>*Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы бул окуя, бабабыз Айкөл Манас жыйырма жашында азыркы Кыргызстанды бошотуудагы алгачкы аламан урушуусу Ысык-Көлдүн Жыргалаң аймагынан башталганы дааналап айтылат. Эгерде Кытайдагы Текес өрөөнү Кыргызстанда болгондо, Айкөл Манас бабабыздын Кыргызстанды бошотуудагы алгачкы казаты Текесте болуп, ал эми экинчи казаты Ысык-Көлдөн жана Ысык-Көлдү бошотууда биринчи аламан урушуусу Жыргалаң аймагынан (азыркы Ак-Суу аталып жүргөн район) болмок экен.*</u>

**Адабияттар:**


1. Сагынбай Орозбаков. Манас. IIIт. Бишкек: Кыргызстан. 95.-667б.
2. "Манас" энциклопедиясы. I-II томдук. Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы "Мурас" илимий-пропагандалык ишкер долбоору. - Бишкек, 1995.
3. "Кыргыз Жергеси" (жер-суу аттары) энциклопедиясы. - Фрунзе, 90-368б.